ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

УДК 336.8

**А.М. МУКАНБЕТОВА**
КГУСТА ИМ. Н.ИСАНОВА,
БИШКЕК, КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
E-MAIL: AIKA0206@MAIL.RU
**A.M. MUKANBETOVA**
KSUCTA N.A.N.ISANOV,
BISHKEK, KYRGYZ REPUBLIC

**Ш.Х.АТАХОДЖАЕВ**
КГУСТА ИМ. Н.ИСАНОВА,
БИШКЕК, КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
SHUHRATHODJA@MAIL.RU
**SH.H. ATAHODJAEV**
KSUCTA N.A.N.ISANOV,
BISHKEK, KYRGYZ REPUBLIC

**У.М.АБДЫЛДАЕВА**
КГУСТА ИМ. Н.ИСАНОВА,
БИШКЕК, КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
E-MAIL: JLDZ21@MAIL.RU
**U.M. ABDYLDAEVA**
KSUCTA N.A.N.ISANOV,
BISHKEK, KYRGYZ REPUBLIC

***E.mail. ksucta@elcat.kg***

# БЮДЖЕТТИК МЕКЕМЕЛЕРДЕ КАРЖЫ РЕСУРСТАРЫ: КАЛЫПТАНУУСУ, БАШКАРЫЛУУСУ ЖАНА МОНИТОРИНГИ

# ФИНАНСОВЫЕ РЕСУРСЫ В БЮДЖЕТНЫХ УЧРЕЖДЕНИЯХ: ФОРМИРОВАНИЕ, УПРАВЛЕНИЕИ МОНИТОРИНГ

# FINANCIAL RESOURCES IN BUDGETARY INSTITUTIONS: FORMATION, MANAGEMENT AND MONITORING

*Бул макалада бюджеттик мекемелерде каржы ресурстарынын негизги булактары, аларды башкаруунун керектиги, ошондой эле аларды башкаруунун сапатын текшерүүнүн зарылдыгы каралат.*

***Чечүүчү сөздөр:*** *бюджеттик мекеме, каржы ресурстары, бюджет, башкаруу, булактар.*

*В работе рассмотрены основные источники финансовых ресурсов бюджетных учреждений, необходимость управления ими, а также мониторинга качества управления ими.*

***Ключевые слова:****бюджетные учреждения, финансовые ресурсы, бюджет, управление, источники.*

*This article studied the main sources of financial resources of budget institutions, the need to manage them, as well as monitoring the quality of their management.*

***Keywords:****budget institutions, financial resources, budget, management, sources.*

Бюджеттик мекемелер - биздин өлкөдө иштеп жаткан уюмдардын көптөн бири болуп саналат. Бул мекемелердин ишкердиги республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин каражаттарынын эсебинен жүзөгө ашырылат. Мамлекеттин бюджет системасына өлкөдө түзүлгөн каржылык ресурстарынын жарымынан көбү тартылган. Бул каражаттар негизинен бюджеттик мекемелерде сметааркылуу өткөрүлөт. Бул өлкөнүн экономикасында бюджеттик уюмдардын каржысынын маанисинин жогоруэкендиги менен шартталган.

Бюджеттик мекемелерде каржылык мамилелердин материалдык негизин, алардын каржы ресурстары түзөт. Алар бюджеттик мекемелерде ыкчам башкарууга өткөн каражаттардын жыйындысы болуп саналат. Аларгаар кандай баскычтагы бюджеттердин, мамлекеттик бюджеттен тышкаркыжана ишкердик иштен түшкөн каражаттар кирет.

Бюджеттик мекемелердин каржы ресурстарынын негизги түрү болуп мамлекеттик каржылоо саналат. Бюджеттик мекемелерди каржылоо ар кандай баскычтарында бюджеттердин чыгымдары аркылуу жүзөгө ашырылышы мүмкүн.Бюджеттердин ортосундагы чыгымдарды бөлүштүрүү жана бекитүү, мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдардын макулдугу менен жүзөгө ашырылат.

Иш жүзүндө бюджеттик каржылоонун эки ыкмасы колдонулат:

- «нетто-бюджет» каржылоо системасы
- «брутто-бюджет» каржылоо системасы.

Белгиленген акча каражаттарын берүү жолдору бюджеттик каржылоонун төмөнкү формалары менен ишке ашырылат:

- бюджеттик мекемелерди тейлөөгө жумшалган ассигнованиялар,
- мамлекеттик жана муниципалдык контракттар боюнча аткарылганжумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдүтөлөө үчүн каражаттар,
- калкка трансферттер,
- жеке адамдарга жана юридикалык жактарга субсидиялар жана субвенциялар.

Бюджеттик каржылоонун маанилүү элементи бюджеттен каражаттарды берүү ыкмалары болуп саналат. Алардын жардамы менен каржы органдары бюджетте каралган иш чараларды акча менен камсыз кылат, ошондой эле кайра бөлүштүрүшөт жана каржы ресурстарын колдонуунун пропорциясын көзөмөлдөшөт

Каржы ресурстарынын калыптануусу, колдонушу жана башкарылусу Е.В. Маркина, СВ. Барулин, Т.М. Ковалева, Н.В. Чигрова., А.Сарыбаев, Т.Койчуев ж.б. экономистердин илимий эмгектеринде каралган. Белгилей кетсек, илимий эмгектерде каржы ресурстарын калыптануусу жана колдонушу боюнча көйгөйлөр толук каралган эмес.

Жалпысынан алганда, каржы ресурстары жүктөлгөн милдеттерди аткаруу үчүн экономиканын белгилүү бир субъектте бар каржы активдери жана акча каражаттарынын жыйындысы болуп саналат.

Мекеменин каржы ресурстарын пайдалануусуэмгек акы төлөө, төлөм кызмат (коммуналдык, почта, байланыш), салык төлөөжана башка иштөө өзгөчөлүгүн чагылдырган чыгымдарга артыкча жумжалаарын белгилей кетүү зарыл

Бюджеттик сметаларды аткаруунун натыйжалуулугун талдоо аны баалоосуз мүмкүн эмес. Баалоо жүргүзүлгөн мониторингдин негизинде алынган маалыматтарды колдоону менен жүзөгө ашырылат. Бюджеттик мекемеде каржылык башкаруунун сапаты изилдөө, баалоо жана мониторинг жүргүзүүнүн предмети болуп саналат.

Азыркы учурда бюджеттик мекемелер боюнча жол-жоболордун аткарылышын, бюджеттик чыгымдардын натыйжалуулугун жогорулатуу,киреше базасынынбекемдөөмаксатында каржы башкаруунун сапатын баалоо жана мониторинг жоболорун ишке ашыруу төмөнкүлөрдү аткарууга жол берет:

- мониторинг индикаторлорунун бекитилген тизмеси боюнча бюджеттик мекемелердин пландаштыруу жана аткаруу сапаттарына салыштырмалуумүнөздөмө берүүгө;

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

- каржылык тартип бузууларды аныктоо жана алардыалдын алуу, ошондой
башкаруу чечимдерин кабыл алуу үчүн негиз түзүүгө;

- бюджеттик чыгымдардын натыйжалуулугун үстүнөн көзөмөлдөө багытында бюджеттик мекемелердин иш-чараларынтууралоого;

- бюджеттик мекеменинбюджеттик каржылоонун көлөмүнкезектеги бюджеттик жыл жана пландоо мезгилинеөзүнүн иш-аракетинин натыйжалуулугунтүзүү үчүн.

Каржылык башкаруунун сапатына мониторинг жүргүзүү жана баа берүүрегиондук башкаруу системасынын маанилүү элементтери болуп эсептелет.

Каржылык башкаруунун сапатын мониторинги бул каржы көрсөткүчтөрүнүн учурдагы маанилерин өлчөө жана киргизүү болуп саналат.Ал кирүү маалыматтарды жыйноо, кайра иштетүү процедуралары менен коштолот. Анда анык маалыматтар пландаштырылган менен салыштырылат.

Каржы ресурстарын башкаруунун сапатын баалоо бул баа берүү үчүн тандалып алынган мониторинг жүргүзүү учурунда чогултулган маалыматтар менен коюлган критикалык маанилерин салыштыруу болуп саналат.

Бул баалоо бюджеттик смета канчалык эффективдүү аткарылып жаткандыгын билүү үчүн, бюджеттик мекеменин ишмердигинин каржы жыйынтыктарын жакшыртыш үчүн эмнелерди кылуу керектигин билиш үчүн жасалат. Пландаштырылган жыйынтыктарга жетилгендигин же аткарылбай калгандыгынын себептерин талдашат.

Мониторингдин мааламаттары баалоону жүргүзүүгө баштапкы маалыматтар болуп саналат. Мониторингсиз сапаттык баалоону жүзөгө ашыруу мүмкүн эмес. Ошону менен бирге баалоонун жыйынтыктары башкаруу чечимдерин кабыл алуу үчүн, иш-аракеттердин бир же бир башка тармагына өзгөрүүлөрдү киргизүүгө негиз болуп саналат.

Бюджеттик мекемелердин каржы ресурстарынын сапатынмониторингдөө жана баалоону иш жүзүндө колдонуу үчүнмониторинг жана баалоо системасын куруу керек. Ал төмөнкү элементтерден турат:

-бюджеттик мекемелердин каржы ресурстарынын сапатынмониторингдөө жана баалоону жүргүзүүнү көзөмөлдөөчү нормативдик-укутук актылар;

- бюджеттик мекемелердин каржы ресурстарынын сапатынмониторингдөө жана баалоонун субъектиси;

- бюджеттик мекемелердин каржы ресурстарынын сапатынмониторингдөө жана баалоонун субъектиси объектиси;

- каржы ресурстарынын сапатынмониторингдөө жана баалоо системасынын ички жана сырткы колдонуучулары;

-каржы ресурстарынын сапатынмониторингдөө жана баалоону өткөрүүнүн уюштуруу схемалары жана ыкмалары;

- кирүү жана чыгуу жыйынтыктар.

Каржы ресурстарынын сапатынмониторингдөө жана баалоону өткөрүүдө мониторинг жүргүзүү жана баалоонун натыйжасында алынган маалыматтардын сапатын жана тактыгын таасир этиши мүмкүн болгон жагдайларды эске алуу керектигин белгилей кетүү керек. Бул жагдайларга төмөнкүлөрдү киргизүүгө болот:

- каржы ресурстарынын сапатын башкаруунумүнөздөгөн көрсөткүчтөрдүн тобун жана алардын укуктук баалуулуктарын, мыйзамга өзгөртүүлөрдү, бюджеттин чыгымдарынын натыйжалуулугун жана алардын эффективдүүлүгүн текшерүүнү жүргүзүү тартибин өзгөртүү ыктымалдыгы. Жоготууларды азайтуу үчүн тынымсыз бардык баскычтарында мыйзамдар жана мыйзам алдындагы актылар өзгөрүүлөргө мониторинг жүргүзүү керек.

- бюджеттик мекемелер тарабынан толук эмес же так эмес маалыматтарды берүү натыйжада каржы ресурстарын башкаруунун сапатын туура эмес эсептөөгө алып келет. Зарыл болгон так маалыматтарды алыш үчүн мониторинг жүргүзүү жана баалоонун жол-жобосун так жөнгө салуу керек жана алардын өз ара мамилелерин белгилеш керек.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

- бюджеттик каражаттарды башкаруунун минималдык жана эң жогорку сапатын мүнөздөгөн объетивдүү эмес жана критикалык маанилерин аныкташ керек.

Каржы ресурстарынын сапатын башкарууну чейрек сайын жана жыл сайын мониторингдөөнү өткөрүүнү каржылык пландаштыруу, бюджетти чыгымдар жана кирешелер боюнча аткаруу, эсеп-кысап жана отчеттуулук, аудит, соттук актыларды аткаруу багыттары боюнча сунуштайбыз.

Биздин көз карашыбызда, бюджеттик мекеменин каржылык механизмдеринин системасынын мекеменин өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен каржы ыкмалары, каржылык куралдардын жакшыртуу жанаукук негиздеринжөнгө салууну талап кылат.

Бул багытта негизги милдеттер болуп каржылык пландаштыруу жана программалоо , каржылык мониторингди, текшерүүнү, жоопкерчиликти көзөмөлдөөчү эрежелерди жана ченемдерди түзүү саналат.

Бюджеттик мекемелерде башкаруу эсеп-кысабынын жоктугу иш-чаралардын уюштуруу боюнча маалыматтык камсыз кылууда, жоопкерчилик борборлорунун натыйжаларын баалоодо олуттуу маселелердижаратат. Ошону менен бирге, мамлекеттик жана муниципалдык мекемелердинукуктук абалын өркүндөтүү мезгилинде, алардын ишкердигинин жыйынтыктарын баалоо, чыгашаларды оптимизациялоо талаптарын ишке ашыруунун шарты болуп эсептелинет.

Бюджет чыгымдарынын жана каржы ресурстарынын эффективдүүлүгүн жогорулатуунун бирден бир багыты болуп башкаруу эсеп-кысабынын системасын бюджеттик мекемелердге киргизүү болуп саналат.

Ошондуктан төмөнкү иш чараларды аткаруу пландащтырылыш керек:

- Бюджеттик каражаттардын башкы администраторлору тарабынан ишке ашырылган ички текшерүү жол-жоболор системасын жакшыртуу жана өнүктүрүү;
- Бюджеттик каражаттардын башкы администраторлору тарабынан ишке ашырылган ички текшерүүнү уюштуруу жана ишке ашыруу тартиби жөнүндө типтүү жобону иштеп чыгуу жана бекитүү;
- Бюджеттик каражаттардын башкы администраторлору тарабынан ишке ашырылган ички текшерүүнүн эффективдүүлүгүг баалоо жана мониторинг жүргүзүүнүн жобосун иштеп чыгуу жана бекитүү;
- Бюджеттик каражаттарды натыйжалуу пайдаланууну билиш үчүн тышкы текшерүүнү уюштуруу жана алардын жобосун иштеп чыгуу жана бекитүү.

## Адабияттар тизмеси


1. Кыргыз Республикасынын Бюджет кодекси[Текст] / - 16.05.2016. -59
2. ПолякГ.Б. Мамлекеттик жана муниципалдык каржы [Текст] / Г.Б. Поляк. – М.: ЮНИТИ, 2016. – 391 б.
3. Кадомцева, С.В. Мамлекеттик каржы [Текст]/ С.В. Кадомцева. – М.: ИНФРА-М, 2010. – 352 б.